# Аялдын жумушу



Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

# Аялдын жумушу

Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Аялдын жумушу» (кыргыз тилинде), автор Назгуль Кулматова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Алёна Дин

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Айсулуу, мага чай кашыкты берип койчу.

– Сага жакын го, өзүң тургун да, алып ал!

– Мен сурандым го!  Суранам дедим го! Сага ушул кыйынбы?

– Мен дагы тамак жеп жатам. Өзүңө жакын турат!

Апам чай кашыкты кургаткычтан алып үстөлгө коюп, мындай деди:

– Балдарым, урушпагыла! Айсулуу, бардык керектүү нерселерди үстөлгө даярдап коюп алып, анан тамак жегенге отуруш керек.

– А эмне үчүн мен?! – Айсулуу кыжырданып кетти, – Айдар деле үстөлдү даярдаса болот эле да!

– Сен деген кызсың го! Сен мындай нерселерди үйрөнүшүң керек! Мына чоңоюп келатасың, турмушка чыгасың, ошондо сенин кайын энең эмне дейт? Сени керектүү нерселерге үйдө үйрөткөн эмеспи дебейби?

– Ушундай колунан эч нерсе келбеген немени ким алмак эле? – деп отко май чачты Айдар, – үйлөнүү тоюнан бир жумадан кийин колунан эч нерсе келбеген келин экен деп, кайра апкелип коюшар...



Айсулуу кашыгын жерге койду да, табакты ары түртүп койду:


– Фуу! Эгер күйөөгө чыксам байкап көрөм, а сага окшогон немеге эч качан чыкпайм! Анан  өзүмө-өзүм кожоюн болом!


Булардын урушун тыңшап, атасы башбакты:

– Кимдер бул жерде 10 жашында турмушка чыгып, үйлөнүп жатышкандар?

Айсулуу заматта атасына атырылды:

– Ата! Айтыңызчы буларга! Эмне деген акыйкатсыздык! Деги эле, эмне үчүн мен дайыма үстөлдү тамакка даярдашым керек? Айдар деле ашканага жардам бериши керек да!





Айдар ошондо кыжыры кайнап буларды айтты:

– Бул эркектин жумушу эмес! Машина айдоо, жумушка баруу, базарга тамак-аш алуу үчүн баруу – эркектин иши. А тамак даярдоо, идиш-аякты жана кийимди жууш, үйдү жыйноо – аялдын иши!


Айсулуу андан бетер кызууланып кыйкырды:

– И эмне экен? Мен мектепке жана музыкага барбашым керекпи? Үйдө отуруп, тамак бышырганды гана үйрөнүшүм керек бекен?



Ата-энелери бири-бирин карап калышты:

– Демек, бул үйдө иш чатак... – деди ойлуу, атасы, – Биз чогулуп олуттуу сүйлөшүшүбүз керек экен... Аялдын иши жана эркектин иши деген болбойт. Апаңар иштеп жатат – ал институтта сабак берет, студенттерди окутат. Мен да иштейм – эл ташыйм.





Машина айдоо – эркектин эле иши эмес. Аялдар дагы машина айдай алат. Эгер апаңар кааласа, машина айдаганды үйрөнөт. Болгону, жол эрежесин гана үйрөнүп, күбөлүк алып алса болот.

Силер Айсулуу экөөңөр тең чоңойгондо машина айдаганды үйрөнүп алсаңар болот.

Окуп-үйрөнүү – кыздар үчүнбү, эркек балдар үчүнбү, айырмасы жок. Бардык балдар мектепке барып, билим алышы керек. Анан кийин ар кимиңер каалаган кесипти тандайсыңар, мисалы, Айдар апаң сыяктуу окутуучу болсоң болот, а Айсулуу такси айдаса да болот. Үйдөгү жумуштарды үй-бүлө мүчөлөрү жалпы бөлүштүрүп алсак да болот. Кызбы, эркек балабы, айырмасы жок.




Анан апасы кошумчалады:

– Мен туура эмес айтыптырмын. Үстөлдү жасалгалоого, тамак даярдоого, үй жыйнап, кир жууганга баарыбыз милдеттүүбүз. Эгер үйдө аткара турган  милдеттүү иштерибизди бөлүшүп алсак, баарыбыз үчүн пайдалуу жана жагымдуу болмок... Кимиңер эмне ишти аткаргыңар келет – өзүңөр чечкиле. Мен силерге жардам берем, а силер – мага. Стол жасалгалоого, идиш жууганга, майда-чүйдөлөрдү сатып келгенге. Өзүңөрдүн артыңардан өзүңөр жыйнап кетүүңөрдү унутпашыңар керек.

Апасы Айдарга ишарат кыла карап койду.



Атасы ага кошумчалады:

– Мен дагы апаңарга жардам берчү эмесмин, бирок катачылыктарымды оңдоого даярмын. Ошондуктан, бүгүн идиштерди мен жууйм.

Айсулуу мындай деди:

– Эң сонун! А мен базарга тамак-аш сатып алганга барам!

А Айдар анда мындай деди:

– Болуптур, мен дагы макулмун. Апаке, мага кир жуугуч машинаны кантип иштетүүнү үйрөт. Кантип иштетүүнү элестетип жатам.

Анан дагы кошумчалады:

– Мына, мен болгону, кашык гана сурагам. Аны өзүм деле алып алсам болмок.

Ошентип, баары өзгөрдү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Назгуль Кулматова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |